**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№2/2026, 181-194

***ПОЛИТОЛОГИЯ***

**УДК:** 32:322:172.3:261.7:342.731:348.71

**DOI:** 10.52754/16948610_2026_2_13

# ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ МЫЙЗАМДАРДЫН ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ ЖАНА КООМДОГУ ТЕНДЕНЦИЯ

# ТРАНСФОРМАЦИЯ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВА О СВОБОДЕ ВЕРОИСПОВЕДАНИЯ И ОБЩЕСТВЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# TRANSFORMATION OF FREEDOM OF RELIGION LEGISLATION AND SOCIAL TRENDS IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Козукулов Тимур Алимбекович**
*Козукулов Тимур Алимбекович*
*Kozukulov Timur Alimbekovich*

**к.пол.н., доцент, Ошский государственный университет**
*саяс.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети*
*PhD, Associate Professor, Osh State University*
t.kozukulov@oshsu.kg
ORCID: 0000-0001-7480-0025

# ТРАНСФОРМАЦИЯ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВА О СВОБОДЕ ВЕРОИСПОВЕДАНИЯ И ОБЩЕСТВЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Аннотация**

Маанилүүлүк. Бул макалада Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндигинин конституциялык негиздери жана диний уюмдарды жөнгө салуучу мыйзамдардын эгемендүүлүктөн кийинки өнүгүү динамикасы изилденет. Изилдөөнүн негизги максаты – Кыргызстанда мамлекет менен диндин өз ара мамилесинин калыптанышын, светтик принциптин укуктук жана коомдук мазмунун, ошондой эле диний мыйзамдардын трансформациясына таасир этken факторлорду талдоо болуп саналат. Макалада Кыргызстандын 1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки диний саясатындагы өзгөрүүлөр, Конституцияда бекитилген дин тутуу эркиндигинин принциптери жана алардын практикалык ишке ашырылышы каралат. Изилдөөдө 1991-жылы кабыл алынган «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзам, 2008-жылдагы жаңы редакция жана 2025-жылы күчүнө кирген мыйзам салыштырмалуу талдоо ыкмасы аркылуу изилденди. Ошондой эле Конституциянын ар кандай редакцияларындагы светтик принциптин өзгөрүшү жана анын кыргыз коомунда кабыл алынышы боюнча жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоолордун жыйынтыктары пайдаланылды. Талдоонун жүрүшүндө диний мыйзамдардын өзгөрүшү коомдогу диний активдүүлүктүн өсүшү, диний уюмдардын көбөйүшү, улуттук коопсуздук маселелери жана мамлекеттин диний чөйрөнү жөнгө салуу саясаты менен тыгыз байланышта экени аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыгында Кыргызстанда дин тутуу эркиндиги конституциялык деңгээлде туруктуу сакталып келгени менен, диний чөйрөнү жөнгө салуучу мыйзамдардын мазмуну коомдук-саясий шарттарга жараша өзгөрүп турганы белгиленет. Диний мыйзамдардын трансформациясы диний эркиндик менен коомдук коопсуздуктун ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталган мамлекеттик саясаттын эволюциясын чагылдырат. Макаланын жыйынтыктары Кыргызстандагы дин-мамлекет мамилелерин жана постсоветтик мейкиндиктеги светтик моделдин өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө илимий мааниге ээ.

***Ачкыч сөздөр:*** Кыргызстан, дин тутуу эркиндиги, светтик мамлекет, секуляризм, лаицизм, Конституция, диний мыйзамдар, диний уюмдар, мамлекеттик саясат, дин-мамлекет мамилелери

***Трансформация законодательства о свободе вероисповедания и общественные тенденции в Кыргызской Республике***

**Аннотация**

Актуальность. В данной статье анализируются конституционные основы свободы вероисповедания в Кыргызской Республике и трансформация законодательства, регулирующего деятельность религиозных организаций в период независимости. Цель исследования заключается в выявлении особенностей формирования взаимоотношений между государством и религией в Кыргызстане, раскрытии правового содержания принципа светскости, а также определении факторов, повлиявших на изменения религиозного законодательства. В статье рассматриваются изменения государственной религиозной политики после обретения независимости в 1991 году, конституционные гарантии свободы вероисповедания и особенности их практической реализации. Методологическую основу исследования составляют историко-сравнительный, правовой и документальный методы анализа. В работе проведено сравнительное исследование Закона Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных организациях» 1991 года, его новой редакции 2008 года, а также закона, вступившего в силу в 2025 году. Кроме того, проанализированы

***Transformation of Freedom of Religion Legislation and Social Trends in the Kyrgyz Republic***

**Abstract**

Relevance. This article examines the constitutional foundations of freedom of religion in the Kyrgyz Republic and the transformation of legislation regulating religious organizations during the period of independence. The main objective of the study is to analyze the formation of state–religion relations in Kyrgyzstan, to explore the legal and social dimensions of the secular principle, and to identify the factors that have influenced changes in religious legislation. The article discusses developments in the country’s religious policy since independence in 1991, constitutional guarantees of freedom of religion, and the practical implementation of these principles. The research is based on historical-comparative, legal, and documentary analysis methods. A comparative analysis is conducted of the Law “On Freedom of Religion and Religious Organizations” adopted in 1991, its revised version of 2008, and the law that entered into force in 2025. The study also examines the evolution of the secular principle in different versions of the Constitution of the Kyrgyz Republic and utilizes findings from sociological surveys concerning public perceptions of secularism in Kyrgyz society. The findings indicate that changes in religious legislation have been closely linked to increasing religious activity, the growth in the number of religious organizations, national security concerns, and state policies

изменения принципа светскости в различных редакциях Конституции Кыргызской Республики и результаты социологических исследований, посвящённых восприятию светского государства в кыргызском обществе. Результаты исследования показывают, что трансформация религиозного законодательства тесно связана с ростом религиозной активности населения, увеличением числа религиозных организаций, вопросами национальной безопасности и государственной политикой регулирования религиозной сферы. Несмотря на сохранение конституционных гарантий свободы вероисповедания, содержание законодательства изменялось в соответствии с общественно-политическими условиями. Сделан вывод о том, что эволюция религиозного законодательства отражает стремление государства обеспечить баланс между свободой вероисповедания и общественной безопасностью. Научная новизна исследования заключается в комплексном анализе государственно-религиозных отношений в Кыргызстане через призму конституционных реформ и изменений религиозного законодательства.

aimed at regulating the religious sphere. Although constitutional guarantees of freedom of religion have remained largely unchanged, the content of religious legislation has evolved in response to changing social and political conditions. The study concludes that the transformation of religious legislation reflects the state's efforts to maintain a balance between religious freedom and public security. The scientific contribution of this article lies in its comprehensive analysis of state–religion relations in Kyrgyzstan through the lens of constitutional reforms and legislative developments in the religious sphere.

***Ключевые слова:*** Кыргызстан, свобода вероисповедания, светское государство, секуляризм, лаицизм, Конституция, религиозное законодательство, религиозные организации, государственная политика, государственно-религиозные отношения

***Keywords:*** Kyrgyzstan, freedom of religion, secular state, secularism, laicism, Constitution, religious legislation, religious organizations, state policy, state–religion relations

**Киришүү**

Кыргызстан көз карандысыздыкты жарыя кылгандан кийин биринчи иретте саясий багытта, эгемендүү демократиялык мамлекет курабыз деп дүйнөгө жар салышкан. Демократиялык мамлекетте адам укугу жана дин тутуу эркиндиги ажырагыс элементи экендиги талашсыз. Демократиялуу жолду тандагандыгынын жана жасалган иштеринин натыйжасында Кыргызстан Орто Азиянын жана ошондой эле башка кошумча түшүнүк катары Борбордук Азиянын "Демократия аралчасы" деген термин пайда болгон. Албетте эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары ошол учурдагы президенттин жасаган иштери жана мээнетинин жыйынтыгынын негизинде пайда болду. Ал түшүнүктү дүйнө жүзүнүн ЖМКлары жана саясатчылары деле айтышкан. Аскар Акаевдин эгемендүүлүктүн алгачкы жылы эле коомдук-саясий жаатта демократиялуу мамлекетти түзүүдө коомдун руханий баалуулугу катары эсептелген дин чөйрөсүндө да либералдуу жолду тандады. Ал эгемендүүлүктүн алгачкы айларында эле коомдун руханий жашоосу үчүн дин тутуу эркиндигин берген. Анын негизги эле иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 1991-жылдын 16-декабрындагы № 657-XII токтому менен күчүнө кирген мыйзамды кабыл алдыруусу жана бекитиүүсү. Бул мыйзам кабыл алынган учурда Кыргызстандын эгемендүүлүктү алгандан кийинки конституциясы кабыл алына элек болчу. Баарыбызга белгилүү болгондой Кыргыз Республикасы алгачкы жолу 1993-жылы 5-майда өзүнүн эгемендүү конституциясын кабыл алган. 5-май КРнын конституция күнү катары майрамдалып келет. Дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамды кабыл алып эле чектелбестен, ошону менен бирге Кыргызстандын орто мектептеринде "Ыйман сабагын" киргизди. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары аптанын бир күнүндө атайын Ыйман сабагы коюлуп 7-8-9-класстарын баарын бириктирип актылык залда диний малыматы бар башкача айтканда имам келип 3 саат диний сабак өтчү. Айылдын имамдарынын мектепке келип сабак берүү тенденциясы Кыргызстандын бардык аймактарында болгон. Ошол учурда Ыйман сабагында кадимкидей диний маалыматтар берилген жана ошону менен бирге адеп-ахлакка басым жасалган. Ыйман сабагы коомчулук тарабынан жакшы кабыл алынып, бирок тилекке каршы жылдар өткөн сайын ага карата суз мамиле жасалып натыйжада жок болуп кетүүсүнө алып келди. Ыйман сабагы программасы бир канча жолу өзгөрүлүп отуруп натыйжада предметтерден алып салынган. Кийинчирээк ыйман сабагы адеп сабагы деп өзгөртүлгөн. Ыйман сабагынын мектептерден алынып салынуусу имамдардын мектепке келип мугалимдердин кийим турпатына кийгилише башташкандыктан келишпестиктер пайда болгондугунун натыйжасында алынгандыгын себеп катары айткандар да болгон. Бирок ошол эле учурда конституцияга "Светтик" принцибинин киргизилүүсүда себептерден бири экендигин белгилеп кетүү керек.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарына көз жүгүртсөк биринчиден 1991-жылы Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар тууралуу мыйзамдын кабыл алынышы. Экинчиден 1993-жылы конституцияны кабыл алган. Алгачкы конституцияга "Светтик" түшүнүктүн киргизилүүсү. Үчүнчүдөн 1996-жылы диний чөйрөнү көзөмөлдөгөн КРнын өкмөтүнүн алдында Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын түзүлүүсү. Бул аткарылган иштер Конституцияда дин багытында атайын түшүнүк жана пункттар киргизилип, мыйзамдык база түзүлгөндөн кийин аны көзөмөлдөгөн органдын пайда болуусу албетте диний тенденцияны жөнгө салуу катары эсептелет. Коомдук-саясий жашоонун бир элементи катары эсептелген дин дагы коомдого тенденцияга жараша өзгөрүүгө ийкемдүү экендигин белгилеп кетүү абзел. Диний тенденцияны жөнгө салуу бул мыйзам аркылуу ишке ашат. Ошондуктан дин тууралуу мыйзамдар да коомдук тенденцияда трансформацияланышы табигый процесс. Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери кеминде 9 жолу конституциялык реформа өткөрдү.

Конституциялык реформанын көпчүлүгү жалпы элдик референдум аркылуу ишке ашты. Конституциялык озгөртүү киргизүү учурунда динге мамлекеттик мүнөздөмөсүн светтик принцип же түшүнүк дайыма дискуссия жараткан. Конституциядагы светтик түшүнүк азыркыга чейин талаш тартыш жаратып келет. Коом тарабынан светтик түшүнүк ар кандай кабылдангандыгы маалым. Ал эми дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар тууралуу мыйзам эгемендүүлүктүн алгачкы жылы кабыл алынып андан кийин эки жолу кайрадан кабыл алынды. 2024-жылы кабыл акыркы кабыл алынган мыйзамдын аталышы жана философиясы дагы айырмаланат. Мыйзамдарды салыштырып анализденгенде анын трансформацияланышында коомдук жагдайдын таасирлерин көрүүгө болот.

**Конституцияда дин ишеним эркиндигинин абалы**

31-август 1991-жылы Кыргыз ССРнин Жогорку Совет тарабынан эгемендүүлүктү жарыялашкан. Ал эми көз карансыз Кыргызстандын алгачкы конституциясы 1993-жылы 5-майда ошол эле Жогорку Совет тарабынан кабыл алынган. Алгачкы конституцияны кабыл алган Жогорку Советти коомдун арасында легендарлуу парламент деп коюшат. Эгемен Кыргызстандын конституциясы кабыл алынган чейин СССРдин учурунда 1989-жылдын конституциясы менен жашап келген. Алгачкы Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар тууралуу мыйзам СССРдин конституциясы учурунда кабыл алынган. Негизинен Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдын тез арада кабыл алынуусунун себеби Кыргызстан демократия жолун тандоо менен батыштан грант жана кредиттерди алуу максатында жасалгандыгы белгиленет. Ошондой эле Кыргызстан Адам укуктары конвенциясына кошулуп эл аралык пактка кол койгондугу да себеп катары көрсөтүлөт. Бардык кабыл алынган конституцияларда дээрлик светтик принциби же түшүнүгү киргизилген. Бирок бир гана 2006-жылы кабыл алынган конституция да гана светтик түшүнүгү, сөзү киргизилген эмес. Ошол конституцияда гана светтик принциби алынып салынган. 2007, 2010 жана 2016-жылы кабыл алынган конституцияда светтик деген сөз кыргызча берилген. Бирок акыркы 2021-жылы кабыл алынган конституцияда светтик (КРнын конституциясы, 2021) сөзү кайра киргизилди. Светтик сөздүн кыргызчасы жок. Аны ар кандай сөз менен бергенге аракет жасалган. 2007-жылы кабыл алынган конституциянын кыргызчасында Ылайык деп жазылган. Ошол учурдагы премьер-министр ошондой эле конституциялык реформанын комиссиясынын төрөгасы мамлекеттик теле каналдан интервью берип жатып мындай дейт: “светскийдин кыргызчасын эч таппай койдук, ошондуктан бизге жакын болгон тилдерден карап көрсөк түрктөрдө “Лаик” Laik сөзү колдонулат экен. Ал бизге тууган тил болгондуктан ага окшош сөз кыргызчасын “Ылайык” (КРнын конституциясы, 2007) деп жаздык” (Kozukulov, 2017). Түрк тилиндеги лаик сөзү француз тилиндеги Лаицизм сөзүнөн алынган, анын ылайык менен эч кандай жакындык байланышы жок. 2010-жылы конституциялык реформа жүргүзүү учурунда конституциялык кеңешме дагы светтик деген сөздүн кыргызчасын тапканга араке жасаган. Светтик сөздүн кыргызчасы табылбагандан кийин аны сүйлөм менен бергенге аракет кылышты. Светское түшүнүгү кыргыз тилиндеги конституцияга Мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган деген сүйлөм менен алмаштырылган. Конституциялык кеңешмеде светтик принцип тууралуу окуя болуп өткөн. Конституциялык кеңешменин 2 мүчөсү светтик түшүнүктү алып салуу тууралуу сунуш киргизип жалпы добуш берүүдө макулдук берилип чыгарылып салынат. Эртеси күн конституциялык кеңешменин отурумунда дагы эки мүчөсү светтик принцибин киргизүү жөнүндө кайрадан добушка коюну талап кылышат. Ошентип ал кайрадан добушка коюлуп конституцияга киргизилген. 2016-жылы жалпы элдик добуш аркылуу референдумда кабыл

алынган конституцияда да 2010-жылдагыдай мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган деген сүйлөм киргизилген. Ал эми 2021-жылы кабыл алынган конституцияга светтик сөзү кайрадан киргизилген.

Кыргыз Республикасынын конституциясында дин мамлекеттен ажыратылган принциби коюлган. Ошондой светтик принцибин коюу менен бирге эч бир дин мамлекеттик дин катары кабыл алынбайт деп белгилеген. Диний уюмдар мамлекеттик уюмдардын сыртында болоору гарантияланган. Диний уюмдар жана дин кызматкерлери мамлекеттик башкарууга катышуусуна тыюу салынган жана ишенимге негизделген партияларга да уруксат берилбейт. Конституция ишеним жана дин тутуу эркиндиги укугун гарантиялайт жана парламент тарабынан улуттук коопсуздук, коомдун стабилдүүлүк, атуулдардын ден соолугу, ахлакыны жана башка укуктарын коргоо максатында чектөө киргизиши мүмкүн экендигин көрсөтүлгөн. Бул фундаменталдык принциптер негизинен бардык конституцияларда белгиленген (КРнын конституциясы, 2021).

Конституциянын алгачкысындан баштап акыркысына чейин ишенимге карата либералдуу эркиндик берилген. Ал ишеним эркиндиги конституциянын адам укуктары бөлүмүндө берилген. Конституция бир канча жолу өзгөрсө дагы бирок динге берилген ишеним эрикндиги эч өзгөрүлбөдү. Ал алгакыдан баштап учурга чейинкиде да бирдей. Конституцияда мындай берилген: 1. Ар бир адамга дин жана абийир эркиндиги кепилденет. 2. Ар бир адам жеке өзү же башкалар менен биргеликте динге ишенүүгө же ишенбөөгө укуктуу. 3. Ар бир адам дин же башка ишенимдерди тандоодо же ишенүүгө укугу бар. 4. Эч ким өз динин же башка ишенимдерин ачыктоого же андан баш тартуусуна мажбурлоого тыюу салынат. Жогорудагы динге болгон ишеним эркиндиги принциби болгонуна карабай мамлекет Коопсуздук Кеңешинин чечими менен чектөөлөрдү киргизген. Конституцияда динге эркиндик берилүү менен кээ бир тыйууларды да киргизген. Мисалы, диний жана этникалык негизде саясий партияларды түзүү, диний жамааттардын саясий максатты көздөөсүнө; иш-аракеттери конституциялык түзүмдү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүртүүгө, улуттар аралык жана диний чыр чатакты чыгаруучу саясий партиялардын, коомдук жана диний жамааттардын, алардын өкүлчүлүк жана филиалдарынын иштөөсүнө тыйуу салынат. Башка бир пунктунда жогоруда да белгилегенибиздей Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү деп таанылбайт. Дин жана бардык диний үрп-адаттар мамлекеттен ажыратылган. Диний жамаат, дин адамдары жана кызматкерлери мамлекеттик кызматкерлер менен жетекчилердин ишине кийгилише албайт. Жогоруда белгилегенибиздей конституция көп жолу өзгөрүүгө дуушар болсо да дин жана диний ишенимге тиешелүү рункттар өзгөрүүгө учурабаган. Башынан бери өзгөрбөй келе жатат. Бирок конституциядагы беренелеринде оруңдары өзгөрүп турган. Адамдардын ыктыярдуу аракеттеринин натыйжасында пайда болгон жана ушул мааниде юридикалык жак катары эсептелген мамлекеттин дини же “мамлекеттик дини” боло албайт. Бирок дин, светтик түзүлүштө коомдук мейкиндиктен ажыратылган, жалаң жеке жана коомдук баалуулук катары каралат. Ошондуктан, кандайдыр бир материалдык же моралдык басымдын болбошу менен катар эле, жеке укуктар менен эркиндиктерди жана теңдикти камсыз кылууда светтүүлүк өтө маанилүү милдет аткарат (Uyanık, 2010: 23). «Светтик» принциби, башкача айтканда, “светтик” сөзүн кыргыз коому кандай түшүнөт же кандай кабыл алат деген маселе да пайда болууда. Университет тарабынан каржыланып, светтүүлүк боюнча илимий изилдөө долбоору жүргүзүлгөн. Изилдөө долбоорунун темасы: «Кыргыз коомунун светтик жана диний элементтерди кабыл алуу маселелери» аттуу сурамжылоо болгон. Сурамжылоодо светтүүлүккө байланыштуу бир нече суроо камтылган. «Сиз “светтик” сөзүнүн кайсы түшүнүккө туура келерин билесизби?» деген

суроого 400 адам катышып, алардын 399 жообу жарактуу деп табылган. Кыргыз дүйнө таанымында «светтик» сөзү орус тилинен кирген сыяктуу эле, «секуляризм» жана «лаицизм» түшүнүктөрү да орус тили аркылуу келген. Кыргыз тилинде «лаицизм» менен «секуляризм» түшүнүктөрүнүн айырмачылыгы жана алардын «светтик» түшүнүгү менен болгон байланышы так аныкталган эмес. Суроонун варианттары төмөнкүдөй болгон: «Светтик» сөзү секуляризмди билдиреби же лаицизмдиби, башкача айтканда, “светтик” деген эмне? Жыйынтык төмөнкүдөй чыккан: 37.34% — секуляризм; 34.59% — билбейм; 16.26% — башка; 11.78% — лаицизм.

4-Билбеймин, 3-Башка, 2-Лаицизм, 1-Секуляризм |

| sm.\| | Freq. | Percent | Cum. |
|---|---|---|---|
| 4 \| | 138 | 34.59 | 34.59 |
| 3 \| | 65 | 16.29 | 50.88 |
| 2 \| | 47 | 11.78 | 62.66 |
| 1 \| | 149 | 37.34 | 100.00 |
| Total \| | 399 | 100.00 | |

Жогоруда көрүнүп тургандай, «светтик» сөзүнүн кайсы түшүнүккө туура келерин так айтуу кыйын. «Светтик» сөзүнүн мааниси боюнча коомдо бирдиктүү пикир жок.

Лаицизм — бул мамлекетти башкарууда эч бир динге же диний ишеним принциптерине таянбаган өлкө дегенди билдирет. «Мамлекет менен диндин ажыратылышы деген эмне?» деген суроого катышуучулар төмөнкүдөй жооп беришкен: 1.00% — мамлекетте дин болбошу керек; 74.44% — мамлекетти башкарууга дин аралашпашы керек; 19.05% — динге мамлекет кийлигишпеши керек; 5.51% — башка жооптор жана “билбейм”.

4-Башка| 3-Мамл.кийгилишпеши керек| 2-Мамл. башкарууга дин аралашпаган| 1-Мамл. дин болбош керек|

| State \| | Freq. | Percent | Cum. |
|---|---|---|---|
| 4 \| | 22 | 5.51% | 5.51 |
| 3 \| | 76 | 19.05% | 24.56 |
| 2 \| | 297 | 74.44% | 99.00% |
| 1 \| | 4 | 1.00% | 100.00 |

Total | 399 100.00

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, «светтик деген эмне?» деген суроого «мамлекетти башкарууга дин аралашпаган түзүлүш» деген жооп берген. Кыргыз Республикасынын Конституциясында «светтик» түшүнүгү да ушундай мааниде кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын президенти «Диний ишеним жана диний бирикмелер жөнүндө» даярдалып жаткан жаңы мыйзам боюнча иш алып барган комиссия жана адистер менен пикир алмашууда Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия жана диний башкармалык тууралуу төмөнкүдөй пикирин билдирген: «Дин менен мамлекет бөлөк. Ошондуктан биз динге кийлигишпейбиз, анын көз карандысыздыгын сактайбыз, мен болгону сунуш гана берем» («Президент Садыр Жапаров диний ишмерлер менен жыйын өткөрдү» ютуб каналынын интернет шилтемеси берилет).

Жогоруда айтылгандай, светтик түшүнүгү белгилүү деңгээлде аныкталганы менен, секуляризм түшүнүгү дагы эле талаштуу бойдон калууда. Кыргыз коомунда светтик менен секуляризм көбүнчө саясий түшүнүк катары берилген, бирок алардын илимий-концептуалдык түшүндүрмөсү толук калыптана элек. Кыргызстанда тарыхый жактан диндин орду жөнүндө сөз болгондо, негизинен падышалык Россия жана СССР доорлору менен байланышта каралат. Падышалык Россияда дин жамааттык жана коомдук этикага тиешелүү көрүнүш болгон. Көп улуттуу өлкөдө дин коомду көзөмөлдөөнүн эң маанилүү принциптеринин бири катары эсептелген. Ошол эле учурда ал Россиядагы элдердин өздүгүн калыптандырууда жана бир этносту экинчисинен айырмалоодо чоң роль аткарган (Макбрейн 2023:39). Прогресс идеяларын жайылтуу жана жаңы түшүнүктөрдү тактоо «жадидчилердин» иши катары бааланат. Алар Борбор Азияда модерндүүлүк менен секуляризмдин калыптанышына себеп болгон (Бабаджанов, Сартори, 2018, б. 221). Борбор Азияда диний ойлор менен практикалар улуттук аң-сезим менен катар өнүккөн (Макбрейн 2023:42). Дин улуттук иденттүүлүктүн жана улуттардын калыптануу процессинин маанилүү бөлүгү болуп, ар кандай этносторду айырмалоодо негизги критерий кызматын аткарган (Хирш, 2022). Коомдо адамдын кимге таандык экендиги диний жана этностук түшүнүк менен чогуу кабыл алынган (Макбрейн 2023:54). Борбор Азияны изилдеген окумуштуулар көп учурда дин менен улуттук иденттүүлүктү бирдей түшүнүк катары карашат: «Кыргыз болуу (же өзбек, казак ж.б.) — мусулман болуу дегенди билдирет» (Винсент, Борбор Азиядагы Америка университетинин изилдөө баяндамасы). Постсоветтик өлкөлөрдө болсо СССР мезгилинен бүгүнкү күнгө чейин динге болгон көз караштар өзгөрүп келген. Белгилүү болгондой, светтик кээде катуу атеизмден тартып, динди жана диний институттарды коомдон обочолонтууга чейинки баскычтарды баштан өткөргөн (Багаева, интернет булагы). Советтик динге каршы кампаниялар секуляризмдин динди күч менен жок кылуучу формасы катары каралып келген, бирок бул көрүнүш өзгөртүп түзүүчү жана жаңыча түшүндүрүүчү өңүттө жетиштүү изилденген эмес. Кыскача айтканда, динге болгон мамиле аны кандай түшүндүрүүгө байланыштуу болгон (Макбрейн 2023:22). Орус бийлиги үчүн дин коомду катуу көзөмөлдөөнүн жана аны таанып-билүүнүн негизги ыкмасы болуп кызмат кылган. Ошол эле учурда дин башкаруунун натыйжалуу методу катары да кабыл алынган. Анткени дин коомдук тартипти, моралды жана адеп-ахлакты сактоодо «жеке куткарылуу» менен катар «жалпы тынчтыкты» камсыз кылуучу функция аткарган (Круз, 2020). СССР мезгилинде Борбор Азия жана Казакстан мусулмандарынын арасында, ошондой эле эгемендүүлүктөн кийин да диний ишмердүүлүк жүргүзгөн таасирдүү дин өкүлдөрү болгон. Алардын бири 2009-жылдын жазында Ош шаарындагы президенттик резиденцияда Дин иштери боюнча комиссия уюштурган радикализмге каршы жыйында мындай деген: «Биз СССР мезгилинде Кудайдан бир жолу корксок, мамлекеттен он жолу коркуп иштечүбүз». Бул көрүнүш мамлекеттин

светтик принцибин катуу карманганын жана атеизмдин үстөмдүгүн көрсөтөт. Бул маселеге байланыштуу жүргүзүлгөн сурамжылоодо «Мамлекет динди жөнгө салышы керекпи?» деген суроого төмөнкүдөй жооптор алынган: 77.44% — ооба; 14.04% — жок; 8.52% — билбейм.
tab State_Religion_Regulation

| 0-DK,1--No, 2-Yes | Freq. | Percent | Cum. |
|---|---|---|---|
| 0 | 34 | 8.52 | 8.52 |
| 1 | 56 | 14.04 | 22.56 |
| 2 | 309 | 77.44% | 100.00 |
| Total | 399 | 100.00 | |

Жогоруда айтылгандай, СССР мезгилиндеги түшүнүк бүгүнкү күндө да коомдун дүйнөтаанымында жашап келе жатат деп айтууга болот.

Советтер Союзунун алгачкы жылдарында модернизация жана динге каршы жүргүзүлгөн кампаниялар ийгиликке жеткен эмес. Ошондуктан бул кыймылдын жетекчилери бир нече жолу тактикасын өзгөртүп, ар кандай ыкмалар аркылуу Борбор Азиядагы исламды кадыр-барксыз кылууга аракет кылышкан. Фергана өрөөнүндө алар акырындык менен аялдардын жана үй-бүлөнүн күнүмдүк жашоо образына каршы аракеттерди жүргүзүшкөн. Жабык кийинген аялдарды бутага алып, паранжы кийгендерди камакка алышкан жана аны «радикал исламдын белгиси» деп аташкан. Аялдардын паранжысын чечиши эркиндикке чыгуу катары бааланган. Бул аракет бир жагынан динге каршы чабуул болсо, экинчи жагынан аймакты маданий модернизациялоону тездетүү аракети болгон (Макбрейн 2023: 45–46). 2000-жылдардан баштап жаңы саясий жана коомдук турмушта динге болгон мамиле өзгөрүп, исламга ылайык жашоо образы күчөй баштаган. Адамдардын динге болгон кызыгуусу өсүп, жергиликтүү дин өкүлдөрүнөн Куранды жана ибадаттарды туура аткарууну үйрөтүүнү талап кыла башташкан. Эркектер менен аялдардын кийинүү стили өзгөргөн. Айрым адамдар исламга көбүрөөк багыт алып, айрым салт-санаалардан жана үрп-адаттардан баш тартышкан. «Чыныгы мусулмандын жашоосу кандай болушу керек?» деген талкуулар жүргүзүлө баштаган (Макбрейн 2023:20). Изилдөөчүлөрдүн бул талдоосуна ылайык, атеизмден секуляризмге өтүүдө чоң айырма болгон эмес. Коом катуу атеизмден чыгып, светтик түзүлүшкө өткөнү менен, түшүнүк мурдагыдай эле уланып келгенин көрүүгө болот. Бул жерде эң маанилүү милдет — элди туура маалымат менен агартуу.

### Дин тутуу эркиндига жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдардын трансформацияланышына анализ

Диний ишеним тууралуу мыйзам эгемендүүлүк алынгандан кийин дароо кабыл алынган. Тактап айтканда, 1991-жылдын 16-декабрында №657-XII токтом менен күчүнө кирген (Мыйзам). 1991-жылы СССР тарагандан кийин «Диний ишеним эркиндиги жана диний

уюмдар жөнүндө» мыйзам кабыл алынганда, Кыргызстанда болгону 33 мечит иштеп турган (Мамаюсупов, 2004: 37).

Бул мыйзам Борбор Азия мамлекеттеринин ичинен Кыргызстанды эл аралык чөйрөдө «Борбор Азиядагы демократия аралы» деп атаган негизги себептердин бири болгон деп айтууга болот. Албетте, бул көрүнүш эгемендүүлүктөн кийинки алгачкы президенттин дооруна туура келгенин белгилөө керек. Бул мыйзам кабыл алынганда, Кыргызстан дагы эле 1989-жылы күчүнө кирген Кыргыз ССР доорундагы мыйзамдык негиз менен жашап жаткан. Мурда айтылгандай, Кыргызстандын биринчи Конституциясы 1993-жылдын 5-майында референдум аркылуу кабыл алынган. Кыргызстан эгемендүүлүгүн жарыялагандан кийин саясий жана коомдук системаны түзүүдө тажрыйбасыздык менен бетме-бет калды. Коомдук түзүлүштүн бир бөлүгү катары дин маселеси да бар эле. Эгемендүүлүк менен бирге Кыргызстан демократиялык жолду тандап, рынок экономикасына өттү. Борбор Азиядагы башка мамлекеттер да өздөрүн демократиялык өлкө деп жарыялашканы менен, аларда мурдагы коммунисттик башкаруу системасы уланып калган.

Биринчи президент Аскар Акаев кыргызстанда ачык жана жарандык коом түзүлөрүн билдирген. Мындай татаал мезгилде «дин» деп эсептелген көптөгөн көрүнүштөр пайда болду. Төлгөчүлүк, бакшылык, салт-санаалар да дин менен байланыштырыла баштады. Ошол эле учурда Батыштан келген миссионердик аракеттердин натыйжасында протестанттык агымдар көбөйдү.

Кыргызстандын биринчи президентинин алгачкы иштеринин бири - «Диний ишеним эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамды кабыл алуу болгон (Kozukulov, 2015:178, Козукулов, Жумабай уулу, 2022). Алгачкы мыйзамдагы негизги жоболор төмөнкүлөр болгон: Ар бир мечит жана медресе өзүнчө диний уюм катары каттоого алынган. Мисалы, 50 мечит болсо, мусулмандардын 50 өзүнчө диний уюму катары эсептелген. Диний уюм ачуу үчүн 10 негиздөөчү жетиштүү болгон. 10 адам биригип мечит, медресе же диний бирикме ача алган. Ар бири өз алдынча диний уюм деп саналган. Ошондуктан Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия расмий жыйындарда жана илимий иш-чараларда Кыргызстанда исламга тиешелүү 3000ден ашуун, христиандыкка тиешелүү 300дөн ашуун диний уюм бар экенин билдирип келген. Ошол учурда Кыргызстан үчүн жаңы көрүнүш болгон Батыштан келген миссионерлер дагы 10 адам менен протестанттык сыйынуу жайларын оңой эле ача алышкан. Бул жагдай жарандардын тынчсыздануусун жараткан. Мындай маселе коомдун күн тартибине айлана баштаган.

Биринчи мыйзам кабыл алынгандан кийин, 16 жылдан кийин 2008-жылы аны кайра карап чыгуу зарылдыгы пайда болуп, жаңыдан мыйзамды иштеп чыгуу процесси башталган. «Диний ишеним эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамдын жаңы редакциясы коомдо чоң талкуу жараткан. Жазында башталган талкуулар жыл аягында гана парламенттен өткөн. Талаш жараткан негизги маселе - диний уюм ачуу үчүн негиздөөчүлөрдүн саны болгон. Алгачкы мыйзамда 10 адам жетиштүү болсо, жаңы сунушталганында 200 адам талап кылынган. Эгер 200 негиздөөчү болбосо, мечит, медресе же христиандык сыйынуу жайлары ачылбай турган болгон. 2008-жылдагы мыйзам долбоорунун баштапкы вариантында 800 негиздөөчү талап кылынат деп сунушташкан. Бул чечимге айрыкча протестанттар каршы чыгышкан. 800 адам шарты Тажикстандын мыйзамы мисал алып сунушталган. Эл аралык уюмдар да бул долбоорго каршы пикир билдиришкен. Акырында мыйзам авторлору 400 адам деп сунуштап, протестанттар 50 адам болушун талап кылышкан. Бирок мусулмандар бул сунушту туура көрүшкөн эмес. Натыйжада диний уюм ачуу үчүн кеминде 200 негиздөөчү болушу керек деген талап кабыл алынган. 10 адамдан 200 адамга көтөрүүнүн бир нече

себептери көрсөтүлгөн: Бир айылда зарылчылык жок болсо да бир нече мечиттин ачылышы; Уруулук бөлүнүүнүн күчөшү; Айылдагы таасирдүү адамдардын «баланча уруунун адамы мечит курду, мен да курушум керек» деген атаандаштыгы; Радикал топтор диний уюм ачып, мусулмандардын арасында бөлүнүүгө алып келиши мүмкүн деген кооптонуу; Протестанттык сыйынуу жайларынын көбөйүшү коомдук тынчсыздануусуну күчөткөн.

2008-жылдын 30-ноябрында мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынып, 2008-жылдын 31-декабрында №282 мыйзам катары президент тарабынан кол коюлуп, 2009-жылдан тартып күчүнө кирген. Бул мыйзам күчүнө киргенден кийин да 2014-жылга чейин протестанттык бирикмелер анын жоболорун өзгөртүү талабын коюп келишкен. Алардын негизги талабы - диний уюм ачуу үчүн керектүү 200 адамдык чекти 50гө түшүрүү болгон. Бирок мындай өзгөрүү мүмкүн эмес деп эсептелген. Өздөрүн мусулман деп эсептеген Пакистандан чыккан Ахмадия жамааты да мурда мамлекеттик каттоодон өтүп иш жүргүзүп келген. Бирок жаңы мыйзам кабыл алынгандан кийин алар да каттоодон чыгарылып, ишмердүүлүгүн жүргүзө албай калган.

Мыйзам боюнча мамлекеттик каттоодон өтпөгөн жана уруксаты жок эч бир диний уюм коомдук ишмердүүлүк жүргүзө албайт. Экинчи мыйзам 16 жыл колдонулган. Үчүнчү жолу мыйзамга өзгөртүү киргизүү процесси 2024-жылдын башында башталган. Бул жолу мыйзам долбоору диний коомчулук менен ар түрдүү жамааттар арасында кайрадан талаш-тартыштарды жараткан. 2008-жылы Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзам кабыл алына баштаганда христианчылыктын протестанттар тарабынан нааразычылыктар болгон. Ошондо эки дин болсо а мунусунда бир диндин жамааттары арасында пикир келишпестиктер жаралган. Мына ошондуктан президент өзү кийгилишүүгө мажбур болду окшойт. Жаңы шарттар, чектөөлөр жана тыюулар коомдук талкууга себеп болгон. Мыйзамдын мазмуну жана түзүмү өзгөргөндүктөн анын аталышы да өзгөртүлгөн. Жаңы мыйзам «Диний ишеним эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө» деп аталган.

Ал 2024-жылдын 26-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынып, 2025-жылдын 21-январында №18 мыйзам катары президент тарабынан кол коюлуп, 2025-жылдын 1-февралынан тартып күчүнө кирген. Бул мыйзам 6 главадан жана 40 беренеден турат.

Жаңы мыйзамдын мурункулардан негизги айырмачылыктары төмөнкүлөр: 1. Мурда ар бир мечит жана медресе өз алдынча диний уюм боло алса, жаңы мыйзамда борборлоштурулган система киргизилди. Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы бардык мечит жана медреселерди бир борбордук түзүмгө бириктирди. 2. 2025-жылдагы мыйзамда өзүнчө субъекттер катары: диний насаатчы; миссия; миссионер; диний кайрымдуулук фонду; диний окуу жайы көрсөтүлгөн. Мурда мындай деталдуу бөлүштүрүү болгон эмес. 3. Мыйзамдарда диний билим берүү тууралуу так жоболор жок болчу. Жаңы мыйзамда диний билим берүү боюнча талаптар киргизилип, медреселердин ишмердүүлүгүнө олуттуу шарттар коюлду. Мурда медресеге орто мектепти бүтпөгөндөр да кире алса, эми орто билим тууралуу аттестаты барлар гана кабыл алынат. 4. «Диний насаатчы» деген түшүнүк киргизилди. Эгер адам муфтияттын расмий дин кызматкери болбосо, анда диний үгүт жүргүзүү үчүн атайын уруксат алышы керек. Насаатчыга коюлган талаптардын бирөөсү анын атайын диний билими болуш талап кылынат. Социалдык тармактарда диний насаат айткан адамдар дагы каттоодон өтүп, күбөлүк алышы зарыл. Болбосо жоопкерчиликке тартылат. 5. Мечит жана медресе ачуу үчүн 200 адамдык талап мурдагыдай эле калды. Бирок эми бул 500 адам ошол бир административдик-аймактык бирдикте туруктуу жашоочулары болушу керек. Бир жараан бир гана диний уюмга түзүүчү боло алат. Жаңы диний уюмдарды түзүү кыйла татаалдаштырылды. 6. Чет өлкөдө диний билим алууга да жаңы шарттар киргизилди.

Мамлекет тарабынан сунушталган диний окуу жайлардын тизмеси түзүлүп, чет өлкөгө кеткен жарандар мамлекетке маалымат берип турушу керек. 7. Дин кызматкерлеринин саясатка катышуусуна тыюу салынды. Эгер дин кызматкери саясатка аралашкысы келсе, ал кызматынан кетип, андан кийин беш жыл өтүшү керек. диний ишмерлер диний кызматын токтоткондон кийин 5 жыл бою Президенттикке, Жогорку Кеңешке же жергиликтүү кеңештерге талапкер боло албайт; диний жайларда саясий үгүт жүргүзүүгө тыюу салынат. Бул мурдагы мыйзамдагы эң олуттуу өзгөрүүлөрдүн бири. 8. миссионерлер милдеттүү каттоодон өтөт; соттолбогондугу тууралуу маалымкат тапшырат; ишмердүүлүгү белгилүү мөөнөт жана аймак менен чектелет. Мурда көзөмөл салыштырмалуу жеңилирээк болгон. 9. Турак үйлөрдү диний уюмдун расмий дареги катары пайдаланууга болбойт; үй шартында туруктуу диний иш жүргүзүүгө тыюу салынат. Бул мурдагы мыйзамда так жана кеңири жазылган эмес. 10. Жашы жете электерди диний кызматка же диний ишке тартууга тыюу салат. Диний курстар боюнча кошумча талаптарды киргизет. 11. Интернет аркылуу диний материалдарды таратууну; социалдык тармактардагы диний үгүттү; онлайн-насааттарды мамлекеттик көзөмөлгө алды. 2008-жылы мындай жоболор дээрлик жок болгон.

Эгемендүүлүктөн бүгүнкү күнгө чейин мыйзамдар диний ишеним эркиндигин сактоо менен бирге коопсуздук маселесин да эске алып өзгөртүлүп келген. Бул аракеттердин баары Кыргыз мамлекетинин коопсуздугун жана туруктуулугун камсыз кылууга багытталган.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандагы коомдук-саясий жашоодо диндин түздөн-түз таасири болбошу керек, башкача айтканда, дин мамлекеттик башкарууга аралашпашы зарыл. Постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен Кыргызстанда диний чөйрөдө өзгөчө айырмачылыктар бар. Диний ишеним эркиндиги ар дайым мамлекеттин маанилүү баалуулуктарынын бири болуп келген. Бирок бул эркиндикти өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга аракет кылган күчтөр да пайда болгон. Изилдөөлөр мындай көрүнүштөр кыргыз коомунун диний негизде бөлүнүшүнө алып келиши мүмкүн экенин көрсөткөн. Ошондуктан диний ишеним эркиндиги менен катар коомдук коопсуздукту сактоо максатында айрым чектөөлөр киргизилген. Мындай чаралар зарыл деп эсептелет.

**Корутунду**

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин демократиялык жана светтик мамлекет куруу жолун тандап, дин тутуу эркиндигин адам укуктарынын негизги принциптеринин бири катары тааныган. Ушул багытта 1991-жылы кабыл алынган «Диний ишеним эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзам диний чөйрөнү либералдаштырууга шарт түзүп, жарандардын диний укуктарын кеңири камсыздаган. Бирок коомдук жана саясий шарттардын өзгөрүшү, диний уюмдардын санынын көбөйүшү, чет өлкөлүк диний таасирлердин күчөшү жана коопсуздукка байланышкан жаңы чакырыктар мыйзамдык базанын кайра каралышын талап кылган.

Изилдөө көрсөткөндөй, Конституциядагы дин тутуу эркиндигине байланышкан негизги жоболор эгемендүүлүктөн бүгүнкү күнгө чейин олуттуу өзгөрүүгө учураган эмес. Ошол эле учурда светтик принциптин мазмуну жана аны түшүндүрүү маселеси коомдук талкуунун предмети болуп келген. Кыргыз коомунда «светтик», «секуляризм» жана «лаицизм» түшүнүктөрүнүн мазмуну боюнча бирдиктүү көз караш толук калыптана элек болсо да, көпчүлүк жарандар светтик мамлекетти диндин мамлекеттик башкарууга аралашпоосу катары түшүнөрү аныкталды.

Диний мыйзамдардын трансформациясы мамлекеттин динге болгон мамилесинин эволюциясын чагылдырат. Эгерде алгачкы мыйзамдар диний эркиндикти максималдуу деңгээлде камсыздоого багытталган болсо, кийинки мыйзамдар диний уюмдардын

ишмердүүлүгүн тартипке салуу жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу максаттарын да камтый баштаган. Өзгөчө 2008-жылдагы жана 2025-жылы күчүнө кирген мыйзамдар диний уюмдарды каттоо, диний билим берүү, диний үгүт-насаат жүргүзүү жана диний кызматкерлердин коомдук-саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу жаңы талаптарды киргизди.

Жыйынтыгында, Кыргызстандагы диний саясат диний ишеним эркиндиги менен мамлекеттик коопсуздуктун ортосундагы тең салмактуулукту сактоого умтулган модель катары өнүгүп келе жатканын айтууга болот. Мыйзамдардын жана конституциялык нормалардын өзгөрүшү коомдун диний, саясий жана маданий трансформациясынын чагылдырылышы болуп саналат. Ошондуктан келечекте да диний чөйрөнү жөнгө салуу маселелеринде адам укуктарын, диний эркиндикти жана коомдук туруктуулукту айкалыштыруу негизги багыт бойдон кала берет.

**Колдонулган булактар:**


1. Бабаджанов, Б., Сартори, П., (2018). У истоков советского дискурса о “хорошем исламе” в Центральной Азии. *Ab Imperio,* 3, 219-255.
2. Багаева, К.А. (2015). “Светское” в современном российском обществе. *Вестник Бурятского государственного университета. Философия*, 14, 18-22.
3. Козукулов, Т., Жумабай уулу, И. (2022). Кыргызстанда мамлекеттин динге болгон мамилеси жана тенденциялары. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (2), 125–132. https://doi.org/10.52754/16947452_2022_2_125
4. Круз Р., (2020). *За пророка и царя. Ислам и империя в России и Центральной Азии* / перевод с английского Р. Ибатуллина. Москва: Новое литературное обозрение.
5. Кыргыз Республикасынын Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдар. № 657-XII токтом. 16-декабрь 1991.
6. Кыргыз Республикасынын конституциялары.
7. Кыргыз Республикасынын конституциясы (2021). 2021-жылдын 11-апрелинде референдум аркылуу (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган.
8. Макбрейн, Джули (2023). *От секуляризма к исламу: Религия в современном Кыргызстане.* Перевод с английского на русский Марина Минеева. Бостон/Санкт-Петербург.
9. Мамаюсупов, О. (2004). “Религиозная ситуация в Кыргызской Республики”, *Сборник международной конференции Ислам в Центральной Азии.* Ош, 20-22 май 2004. 34-39.
10. Президент Садыр Жапаров диний ишмерлер менен жыйын өткөрдү. (08/11/2024) https://president.kg/kg/news/21/26124
11. Указ “О реализации решения Совета Обороны Кыргызской Республики о государственной политике в религиозной сфере” ,http://www.president.kg/ru/novosti/3468_podpisan_ukaz_o_realizatsii_resheniya_soveta_oboronyi_kyirgyizskoy_respubliki_o gosudarstvennoy_politike_v_religioznoy_sfere/ (Президенттин сайты жаңылангандан кийин эски указдар көрүнбөйт)
12. Хирш, Ф. (2022). *Империя нации: этнографическое знание и формирование Советского Союза*. Перевод с английского Р. Ибатуллина. Москва: Новое литературное обозрение.
13. Artman, Vincent M. (2018). Nation, Religion, and Theology: What Do We Mean When We Say “Being Kyrgyz Means Being Muslim?” *Central Asian Affairs* 5(3), 191-212.
14. Engvall, Johan. (2020). *Religion and the Secular State in Kyrgyzstan.* SILK ROAD PAPER.

15. Kozukulov, T. (2015). Kirgizistan'da Dini Kurumsallaşma Ve Toplum. *Ağrı İbrahim Çeçen Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi*, 1(1), 177-209.
16. Kozukulov, T. (2017). Kırgızistan'da Devletin Din Siyaseti / The Religion Politics of the State in Kyrgyzstan. *Akademik Hassasiyet*, 4(7), s. 92. 85-104.
17. Pay, S. (2015). *Kirgizistan'da islam bir diriliş ve varoluş mücadelesi.* İstanbul: Emin Yayınları.
18. Uyanık, M. (2010). *Sivil itaatsizlik eylemleri ve dini değerler.* Ankara: Elis yayınları.